# КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨРГӨ БАЙЛАНЫШТУУ ЖЫЛКЫНЫН ЖАТАЛАК ЫЛАҢЫНЫН ПАЙДА БОЛУУ СЕБЕПТЕРИ ЖАНА ДАРЫЛООНУН САЛТТУУ ЫКМАЛАРЫ

**(материал Кара-Кулжа районунан 2013-2014-жж. жыйналган)**


Ветеринардык медицина жана биотехнология факультетинин" 3-курсунун студенти
**Алманбет уулу Гүлчоро**

**Илимий жетекчилери**: Айтматов М.Б. - в.и.д. проф., Токоев К.К.- в.и.к., доцент


Бишкек 2015

# Актуалдуулугу

Экологиялык жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо- бул ар-бир адамдын адеп-ахлактык, этикалык жана экологиялык парзы.

Туруктуу жашоо турмуштагы адам затынын жана жан-жаныбарлардын өнүгүүсү үчүн,  эн негизгиси айлана-чөйрөнү коргоо болуп саналат.Айлана-чөйрөнө коргоо үчүн жан-жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн изилдөо зарыл . Ушул максатта биз жылкынын жаталак ыланын салттуу дарылоону изилдеп жатабыз

## ЖЫЛКЫ БАЛАСЫНЫН КӨЧМӨН КЫРГЫЗ ТУРМУШУНДАГЫ ОРДУ

- **Кыргыз элинде жылкыга байланыштуу накыл сөздөр айтылып келет:**

Алсак, «Адам сүйлөшкөнчө, жылкы кишенешкенче», «Ат мыктысы – кермеде, акын мыктысы – термеде», «Адашкан күлүк жерди ойлойт, акылман жигит элди ойлойт», «Ат айланып казыгын табат, эр айланып элин табат», «Ат сүрдүкпөй, жер тааныбайт, эр сүрдүкпөй, эл тааныбайт» ж.б.



# КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨРГӨ БАЙЛАНЫШТУУ ЖЫЛКЫНЫН ЖАТАЛАК ЫЛАҢЫНЫН ПАЙДА БОЛУУ СЕБЕПТЕРИ

- Жаталак ылаңы, элден топтолгон маалыматтарга таянсак:
- ысык-сууктан,ичегилердеги синбей калган тоюттардын озүнчө ичегиге топтолушуп тосуп калышынан;
- курсак бөлүкө тебишип алуусунан, жаш кулундар желиндеги биринчи чыккан кара илээшкек суйуктукту эмип аш кылалбаган учурда,сийдик чыгаруу токтоп калганда;
- ичелилердин оролуп же толгонуп калуусунан, ар кандай кургап,чирип кеткен,уулу ж.б. жаман чөптөрдү жеп алуусунан пайда болгон оору.

# ЖАТАЛАКТЫН ЭЛДИК КЛИНИКАЛЫК БЕЛГИЛЕРИ

- **Салттуу билимдерди алып жүрүүчүлөрдүн маалыматтарына таянсак:**
- Жылкы тоют жебей калат жана температурасы жогорулайт;
- дем алуусу начарлайт, көздөрү кызарып, кулактары шалпайып, өзүнчө туруп тердей баштайт жана бат-баттан жатып-туруп, оонaлактайт;
- шайы кетип, туруп алып бат-баттан чиренүүсү, итче отурушу, уманын чоноюп кетиши, артын каранып, алдыңкы буттары менен жер чапчыйт;
- аркаңкы буттары менен курсагын тепкиленет, куйругун шыйпаңдатат жана ошондой эле курсагы көөп чыгат.





# ЖАТАЛАК ЫЛАҢЫНЫН САЛТТУУ ТҮРЛӨРУ

**Кара-Кулжа элиниен топтолголн маалыматтарга таянсак, жаталак ылаңын төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүшөт:**

- түйнөк жаталак,;
- табарсык жаталак (туттукма – заара жаталагы);
- тезек катуу (жин) жаталак;
- сезгенич жаталак;
- жем жаталак;
- суу жаталак.

## ЖАТАЛАК ЫЛАҢЫН САЛТТЫК ЫКМАЛАР МЕНЕН ДАРЫЛОО.

***Биринчи ыкма***: Тезек катуу жаталакта туз ичегидеги топтолгон катуу заттарды жана заңдарды алып чыгып, тазалайт.

***Экинчи ыкма***. Туйнок жаталакта атайын четинден же болбосо жыгачтан жасалган баканды жылкынын ооруган ичине коюп артын көздөй улам-улам кайталап сыдырат, ала салдырат.

***Үчүнчү ыкма***. Арчаны, борколдойдун уясын, курмушуну күйгүзүп жыттатуу жол менен дарылайт жана жылуу жабуу менен жаап алып бастырат. Ал эми катуу кургап кеткен же чиринди, уулуу чөптөрдү жеп алып, ичи каткан учурда ысытылган сүт, ак май, арак, айран, аркар отун кайнатып суусун ичирүү жана башка ушул сыяктуу ичин жумшарта турган ыкмалар колдонулат.

# ЖАТАЛАК ЫЛАҢЫН САЛТТЫК ЫКМАЛАР МЕНЕН ДАРЫЛОО.

- ***Төртүнчү ыкма***: ичи көпкөн мезгилде түз ичегиге клизма салуу жана бакан менен көкүрөктөн арты көздөй сыдыруу менен желин чыгарат. Ал эми туура эмес оонап алгандын негизинде ичегилер оролуп калат. Мындай учурда аны ала-салдыруу же түз ичегиге кол салуу жолу менен ылаңдан арылтышкан.
- **Бешинчи ыкма:** Кээ бир учурларда мурундун кемирчегин кесүү жана таноосун тилүү жолдору менен да дарылайт.

# Корутунду

- Бүгүнкү  күндөгү климаттын өзгөрүүсү жана экологиянын бузулушу менен ветеринария илиминдеги жылкынын жаталак ыланынын салттуу  жана илимий ыкмаларды интеграциялоо зарыл.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат!